КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (жетинчи чакырылышы) XXIV сессиясы**

**Токтом № 104**

Сүлүктү шаары 05.04. 2023ж

**Сүлүктү шаардык мэриясынын алдындагы (коммуналдык) муниципалдык менчик бөлүмүнүн 21.09.2004-жылдагы №033759ГР сериясындагы Күбөлүктүн юридикалык аталышын жана уюштуруу-укуктук формасын өзгөртүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Сүлүктү шаардык мэриясынын 24.03.2023ж.№01-12/696 сандуу Сүлүктү шаардык мэриясынын алдындагы (коммуналдык) муниципалдык менчик бөлүмүнүн 21.09.2004-жылдагы №033759ГР сериясындагы Күбөлүктүн юридикалык аталышын жана уюштуруу-укуктук формасын өзгөртүүгө макулдук берүү жөнүндө каты боюнча шаардык кеңештин "Мыйзамдуулук, депутаттык этика, регламент, жергиликтүү сыйлыктар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш" боюнча туруктуу комиссиясынын сунуштарын угуп жана талкуулап жумуштагы муктаждыктарды эске алып Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесине, "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" Мыйзамына ылайык Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сүлүктү шаардык мэриясынын алдындагы (коммуналдык) муниципалдык менчик бөлүмүнүн 21.09.2004-ж. №033759ГР сериясындагы Күбөлүктүн:

- юридикалык аталышы -"Сүлүктү шаардык мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик мекемеси";
- Уюштуруу укуктук формасы - "Мекеме" болуп өзгөртүлүүсүнө макулдук берилсин;

2. Сүлүктү шаардык мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик мекемесинин юридикалык аталышын жана уюштуруу-укуктук формасын өзгөртүү боюнча мыйзамдын талабына ылайык иш жүргүзүү жагы шаардык мэриянын алдындагы муниципалдык менчик мекемесинин башчысы С. Калакуловго милдеттендирилсин;
3. Токтомун аткарылышын камсыз кылуу шаардык мэрияга, көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин "Мыйзамдуулук, депутаттык этика, регламент, жергиликтүү сыйлыктар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш" боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага: Р.М. Жайнаков